**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**
**ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИ**
**№10 жыйынынын протоколу**

**Дата: 27.11.2017-жыл**
**Убакыт: 14.00.**
**Бөлмө: Конференц-зал**

**КҮН ТАРТИБИНДЕГИ МАСЕЛЕЛЕР:**

1. КББАнын өнүктүрүүнүн перспективдүү планынын (2015-2017жж.) аткарылышы жөнүндө.

*А.Токтомаметов*

2. Жаңы предметтик стандарттардын негизинде түзүлгөн окуу программаларын бекитүү жөнүндө.

2.1. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы башталгыч мектептин 1-4-класстары үчүн Кыргыз тил боюнча жаңы предметтик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу программасынын кол жазмасы жөнүндө (түзүүчүлөр: топтун жетекчиси: п.и.к. Токтомаметов А.Д., п.и.д. профессор Рысбаев С.К., Абдухамидова Б.А., Акунова А., Баимбетова Н.К., Кайкиева Г).

*К.Сейдекулова*

2.2. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн билим берүү уюмдарынын 10-11 класстары үчүн Кыргыз адабиятынын окуу программасы жөнүндө (түзүүчүлөр: С. Байгазиев, А.Муратов).

2.3. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн билим берүү уюмдарынын 10-11-класстары үчүн Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятынын окуу программасы жөнүндө (түзүүчүлөр: С. Байгазиев, А.Муратов, С.Рысбаев, Абдухамидова Б., Акматов К., Алмурзаева С.).

*Ибирайым кызы Айжан*

3. Бүтүрүүчү аспиранттардын жана изденүүчүлөрдүн отчеттору жөнүндө (изденүүчү Усубалиева Н.А., аспирант Батыркулова А.Б.,)

*С.Рысбаев, Ибирайым к.Айжан, Г.Аманова*

4. XXVI Республикалык педагогикалык окуулардын уюштурулушу жана өткөрүлүшү тууралуу.

*Б.Субанова, Б.Бейшенбаева*

5. Кыргыз Республикасынын жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарга негизделген
тарбия стратегиясы жөнүндө (түзгөн С.Байгазиев).

*К.Добаев*

6. Кол жазмаларды бекитүү.

6.1. «Өз билимин өркүндөтүү» мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун кол жазмасы жөнүндө (түзг. Асанбаев А.Ж.).

*К.Добаев*

**А.Мамытов:** Саламатсыздарбы, урматтуу коллегалар. Окумуштуулар кеңешинин отурумуна бардык илимий кызматкерлер катышсын деп чеченбиз. Билишсин, угушсунсун, кандай маселелер каралып жатат. бирок бүгүн толук курам жок. Списогун тактап коюңуз (А.Ниязовага).

Бүгүнкү Окумуштуулар кеңешинин кезектеги отурумунда 15 мүчөсүнөн 15и отурумга катышууда, кворум бар. Отурумду баштоого ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул.

**1. КББАнын өнүктүрүүнүн перспективдүү планынын (2015-2017жж.) аткарылышы жөнүндө.**

**Угулду:** КББАнын вице-президенти **п.и.к. А.Токтомаметовдун** Кыргыз билим берүү академиясынын 2015-2017-жылдарга карата илимий-изилдөө ишмердигинин 3 жылдык келечек планын ишке ашыруу тууралуу отчету.

Кыргыз билим берүү академиясынын 2015-2017-жылдарга карата илимий-изилдөө ишмердигинин 3 жылдык келечек планы иштелип чыгып, 2015-жылдын 26-январында бекитилген.

Келечек план «Кыргыз Республикасынын билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясына ылайык компетенттүүлүктүн негизинде билим берүүнүн мамлекеттик стандартын, типтүү окуу программаларды жана илимий-методикалык комплексти өркүндөтүү» аттуу жалпы теманын алкагында 7 лаборатория боюнча даярдалган. Мектепке чейинки жана мектептик билим берүү борборунда биринчи жылы предметтик стандартарды жакшыртууга, экинчи жылы предметтик стандарттын негизинде типтүү окуу программаларды, үчүнчү жылы алардын негизинде окуу-усулдук комплекстерди өркүндөтүү маселесине басым жасалган. Баалоо жана мониторинг лабораториясында окуучулардын жетишкендиктерин диагностикалоо, Педагогика жана кесиптик билим берүү лабораториясында Кыргызстанда PhD докторду даярдоонун теориялык негиздерин, Кыргыз Республикасында компетенциялардын улуттук алкагын иштеп чыгууга, кесиптик билим берүү системасында бүтүрүүчүлөрдү аттестациялоо үчүн баалоо каражаттарынын фондун түзүүгө, атаандаштыкка жөндөмдүү адистердин компетенттүүлүктөрүн, келечектеги педагогдордун психологиялык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга, окуучуларды тарбиялоодо мектеп менен үй-бүлөнүн байланышына, этнопедагогика илиминин негизинде элдик таалим-тарбияны колдонууга байланыштуу илимий изилдөөлөр жасалган.

Кыргыз билим берүү академиясынын илимий-изилдөө ишмердигинин 3 жылдык келечек планы (2015-2017-ж.) жалпысынан убагында аткарылган жана алар боюнча жыл сайын отчеттор берилип, алар жактырылып, бекитилген.

Негизинен, отчетттук мезгил учурунда Табигый-математикалык билим берүү тармагынын маселелери лабораториясынын кызматкерлери 3 жыл ичинде 5 илимий-практикалык конференцияга, 7 семинарга, 4 тегерек столго, 2 теле берүүгө катышып, жалпысынан 114 илимий макала, анын ичинде 31 макаланы чет мамлекеттерде жарыялашкан. Лабораторияда 7 предметтик стандарт, 6 окуу программа, 5 окуу китеп, 35 окуу-усулдук материалдар чыккан. Жалпы – 2 910 балл.

Технология, искусство жана дене маданияты тармагынын маселелери лабораториясында 1 монография, 2 окуу китеп, 6 предметтик стандарт, 6 окуу программа, 6 усулдук колдонмо, 50 макала даярдалган. Мурзалиева З. 2017-жылдын 1-ноябрында эл аралык илимий конференцияга on-line режиминде катышкан. Бул практиканы жайылтуу зарыл.

Социалдык-гуманитардык билим берүү тармагынын маселелери лабораториясынын кызматкерлери 18 илимий-практикалык конференцияга, 35 семинарга, тегерек столго катышып, 5 предметтик стандарт, 5 окуу программа, 3 окуулук, 65 илимий макала чыгарышкан, анын ичинен 7 макала чет мамлекетте басылган.

Мамлекеттик тил жана көп тилдүү билим берүү лабораториясында 4 предметтик стандарт, 7 окуу программа, 4 концепция, 5 монография, 12 окуу китеп, 18 усулдук колдонмо, 74 илимий макала жарыкка чыккан, анын ичинен 8 макала чет мамлекетте жарыяланган.

Мектепке чейинки жана башталгыч мектептик билим берүү лабораториясында 4 предметтик стандарт, 4 окуу программа даярдалган. Лабораториянын кызматкерлери 28 илимий макала, 14 усулдук колдонмо даярдалып, 78 илимий-практикалык конференцияга, семинарга, тегерек столго катышкан. 3 макала чет мамлекеттен жарыяланган.

Баалоо жана мониторинг лабораториясы GIZ долбоорунун алкагында башталгыч класстардын окуу жана түшүнүү, математика предметтери боюнча баалоо куралдары даярдалып, 1607 окуучуга изилдөө өткөрүлгөн, 50 илимий макала, 3 усулдук колдонмо чыгарылган.

Бирок, аталган Келечек планды даярдоодо бир топ кемчиликтерге жол берилген:

1. Келечек планды иштеп чыгууда айрым так эместиктер кеткен. Алсак, Социалдык-гуманитардык билим берүү тармагынын маселелери лабораториясында "...**окуу китептеринин жана ОМКлордун компетенттүүлүгүн** талкуулоо жана рецензиялоо" (13-п.) деген пункт кездешсе, Технология, искусство жана дене маданияты тармагынын маселелери лабораториясында "**...окутуунун технологияларын жаңылоо**" (56-п.) деп берилет.
2. Келечек планга КББАнын функциясына кирбеген милдеттер да кирип калган. Мисалы, Социалдык-гуманитардык билим берүү тармагынын маселелери лабораториясында "...**окуу китептерин, ОМКлорду... иштеп чыгуу**" (12-п.), Табигый-математикалык билим берүү тармагынын маселелери лабораториясында "**Участие в разработке учебников... УМК**...» (26-п.), «**Разработка ... учебно-методических комплексов**...» (28-п.), «**Разработка... УМК**...» (30-п.), Технология, искусство жана дене маданияты тармагынын маселелери лабораториясында "Билим берүүнүн **предметтикстандартын иштеп чыгуу**» (40-п.), «Предметтер боюнча **окуу-методикалык комплекстерди ... жаңылоо**» (43-п.), «Предметтер боюнча **окуу китептерин ... жаңылоо**" (48-п.), "Предметтер боюнча окуу-**методикалык комплекстерин ... жаңылоо**" (49-п.), "...**жаңы муундагы окуу китептерди** жана **ОМКлардыжакшыртуу**" (54-п.), Мамлекеттик тил жана көп тилдүү билим берүү лабораториясында "**... окуу-усулдук комплекстерди өркүндөтүү...**" (73-74-п., алар 1-2-кварталга деп кайталанат) деген пункттар бар.
3. Мектепке чейинки жана мектептик билим берүү лабораториясында "Типтүү программаларды жаңылоо жана иштеп чыгуу" (83-п.) 2016-жылдын апрель-сентябрь айларына пландалган, кыргыз тил программасы боюнча мөөнөтүнөн кеч калуу бар. Кыскача отчет 16 бет.
4. Келечек планда ыраатсыздыкка, баш аламандыкка жол берилген. Мисалы, Мамлекеттик тил жана көп тилдүү билим берүү лабораториясында "Предметтик жаңы стандарттардын талаптарына ылайык кыргыз тилин, адабиятын, дүйнөлүк адабиятты жана чет тилдерин 5-9-класстарда окутуунун окуу-нормативдик негиздерин өркүндөтүү проблемалары" 69-, 70-, 71-, 72-пункттарда, "Жаңы стандарттын талаптарына жараша кыргыз тили, адабияты, орус тили, дүйнөлүк адабият жана чет тилдери боюнча окуу программаларын, окуу-усулдук комплекстерди өркүндөтүү, аталган предметтер боюнча методикалык адабияттарды иштеп чыгуу" 73-, 74-, 75-, 76-пункттарда 1-квартал, 2-квартал, 3-квартал, 4-квартал болуп бирдей кайталана берет жана бир топ милдеттер мезгилдик жактан кыска убакытта аткарылышы керек болгондугуна карабастан, "жыл ичинде" деп берилет. Алсак, "...эксперименттик материалдарды даярдоо..." (65-п., жыл ичинде), "...эксперимент жүргүзүүчү мектептердин мугалимдерине түшүндүрүү иштерин жүргүзүү» (66-п., жыл ичинде), «…апробация иштеринин жыйынтыктоо сабактарын өткөрүү, мугалимдерден анкета алуу" (68-п., жыл ичинде) ж.б.
5. Келечек планда Педагогикалык кадрлардын адистигин жогорулатуу, даярдоо жана кайра даярдоо борборундагы илимий иштер тууралуу сөз жок.
6. Келечек планда изилдөөлөрдүн натыйжаларын практикага киргизүүгө багытталган илимий-практикалык семинарларды, тегерек столдорду ж.б. өткөрүү сыяктуу иш-чаралар каралган эмес.
7. Келечек пландын жарымы кыргыз тилинде, жарымы орус тилинде болуп калган.

*Берилген отчеттон кийин Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү талкуусуга өтүштү.*

**Б.Рыспаева:** Лабораториядан планга өзгөртүүлөрдү киргизгенбиз. Ал силерге жетпей калган го.
**А.Токтомаметов:** Эгерде өзгөртүүлөрдү киргизген болсоңор, алып келиш керек. Лабораториядан карап эле койсоңор, кирбейт да.
**С.Рысбаев:**Отчетто 78 конференцияга катышты деп жүрөт. Ар бир сотрудник бир жылда 10 конференцияга катышса, лабораторияда 10 кызматкер болсо – 100 конференцияга катышкан болуп калабы? Ушуну кандай тактасак болот?
**А.Токтомаметов:** Мисалы, мектепке чейинки лабораториясы 28 конференция, тегерек столго катышкан. Жалпы айтылып жатат.
**А.Мамытов:** В.Мусаева бир жылда 56 конференцияга катышкам деп жазды эле отчетунда. Ошондо дагы замечание кылганбыз.
**Ибирайым к. Айжан:**УМКларды жаңылоо, стандарттарды түзүү боюнча: биздин лабораториянын милдетибиз стандарттарды түзүү, программаларды иштеп чыгуу болчу. Кандай тактасак болот?
**А.Токтомаметов:** Милдеттер туура эмес аныкталган. Биздин илимий иш боюнча ишибиз аткарылышы керек. Стандарт, программаны түзгөнгө кошпой койсо, милдеттериңер аткарылбай калмак.
**С.Байгазиев:** Айтып келатабыз: окуу китебин илимий ишке аралаштырбайбыз деп. Ушул маселе бир жаңсыл чечилген эмес. Албетте, туура, бирок, илимий иш катары карасак дагы болот. Себеби окуу китебинде илимдин негиздерин педагогикалык тилге салуу, дидактикалык принциптерин иштеп чыгуу, методикалык аппаратын иштеп чыгуу илимий иш болуп эсептесе болот.
**А.Токтомаметов:** Жакшылап көңүл бурсаңар: академиянын планы «Перспективный план научно-исследовательской работы КАО на 2015-2017 годы» деп аталат. Эгерде окуу китебин жазуу жөнүндө милдет катары жазып алса, китеп жазбай калса, милдетин аткарбаган болуп калат. Ошондуктан милдеттерди туура жазуу керек.
**С.Рысбаев:** Анда китеп тууралу илимий изилдөөнү кандай баалайбыз?
**С.Байгазиев:** Китеп жазуу жөнүндө илимий изилдөө иштерин бааласа болот.
**А.Мамытов:** Илимий тема аныкталып, анан техническое задание берилет. Анын отчету ГОСТ менен жазылат. Илимий отчету каралбай жатат деген орунсуз болуп жатат. Окуу китептерин Окумуштуулар кеңешинде жактырып министрликке жөнөтүп жатабыз. Андан кийин алар өздөрүнүн эксперттерине каратып кабыл алып жатат. Мүмкүн кароо, экспертизалоо процедурасы тереңирээк талап кылынышы мүмкүн.

Окуу китебин жазганга кээ бир кишилерге мүмкүнчүлүк берилет, эгерде госзаказ болсо. Ошондо авторлор 2-3 жылдын ичинде илимий-изилдөөнүн ордуна китеп жазат. Болбосо китеп жазуу – окуу-методикалык багытта кетет. Илими изилдөө бул проблеманы изилдөө. Ошондуктан негизги замечание туура болуп жатат. Биздин лабораториядагы жумуштар теориялык, аналитикалык изилдөөлөргө бурулуш керек. Окуу китебин жазам дегенде конкурстан өтпөй калса жасаган жумуштарыңар кабыл алынбай калат. Стандарттар дагы ушундай. Жеке биз ээлеп алган болбойт. Биздин уставда жазылган: участие в разработке. Анан илимий экспертизага келет, уставда дагы "участие в экспертизе" деп жазылган. Жеке бизге жасатпайт экен, ошондуктан уставка жараша ишибизди аткара беребиз.

Конкреттүү мөөнөттү мындан ары так коелу. В течение года деген болбойт. Жок дегенде квартал менен мөөнөт коюлсун.

Бир типте жазылса деген дагы туура. Бир жагы кыргызча, бир жагы орусча жазылганы туура эмес.

Биз 2012-2020-жылдарга жазылган стартегиясынын алкагында иштеп келе жатабыз. Азыр 2-чи фазасында иштеп жатабыз. 1-чи фаза – 2012-2014-жыл болгон, 2-чи фазасы - 2015-2017 болгон, азыр 2018-2020-жылдарга стратегиялык маселелерди коюп, негизги багыттарын так аныктайлы, январда Окумуштуулар кеңешинде карайлы. Бул документти даярдап жатканда уставды кылдат карагыла. Ал жерде 4 багыттагы жумушту иштеп

көрсөтө алгандай бололу: илим изилдөө,илимий-методикалык иш жүргүзүү, экспертиза жүргүзүү, басма иштери.Ушул 4 багыттагы жумушту так көрсөтүп стратегиялык документке койсок туура болот. Башка маселе – азыр стратегиянын 3-фзасын коорректировка болуп кетиши мүмкүн. Себеби 2020-2030 деп калды, бирок, «Стратегия 2012-2020» деген документти алып аткарылышын көрсөтө билүү керек.

Илимий жумуш сөзсүз эле монография болуп чыгуусу зарыл деле эмес. Илимий жумуш окуу-методикалык иштерге айланып кетпесин. Таптакыр окуу-методикалык колдонмолор чыкпасын дегенге мен каршымын. Чыгыш керек. Тил комиссиясы аркылуу бир топ китеп чыгып кетпедиби.

**А.Токтомаметов:** Биз азыр 3 жылдык келечек планды түзүүнүн алдында турабыз.Азыркы көрсөтүлгөн кемчиликтерди эске алсаңыздар.

**М.Иманкулов:** Бир жылдык илимий иштердин жыйынтыгын чыгарып мектептерге таратканбыз. Ушундай тажрыйба бар, колдонсо болот.

**А.Мамытов:** Келечек пландын аткарылышы тууралуу маалымат кабыл алынсын, айтылган кемчиликтер эске алынып жаңы келечек планды иштеп чыгууда кемчиликтерди жоюуга аракет жасалсын, вице-президентке тапшырылсын. Ким макул? Каршы? Клаыс? Бардыгы макул. Чечим кабыл алынды.

Жогоруда айтылгандардын негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. “Кыргыз билим берүү академиясынын илимий-изилдөө ишмердигинин келечек планын (2015-2017-ж.) аткаруу тууралуу КББАнын вице-президенти А.Токтомаметовдун билдирүүсү жактырылсын.

2. Билдирүүдө баяндалган кемчиликтерге жол бербөө үчүн жаңы Келечек планды иштеп чыгууда эске алынсын.

**2. Жаңы предметтик стандарттардын негизинде түзүлгөн окуу программаларын бекитүү жөнүндө.**

2.1. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы башталгыч мектептин **1-4-класстары үчүн Кыргыз тил** боюнча жаңы предметтик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу программасынын кол жазмасы жөнүндө (түзүүчүлөр: топтун жетекчиси: п.и.к. Токтомаметов А.Д., п.и.д. профессор Рысбаев С.К., Абдухамидова Б.А., Акунова А., Баимбетова Н.К., Кайкиева Г).

**Угулду:** Мектепке чейинки жана башталгыч мектептик билим берүү лабораториясынын башчысы, п.и.к. К. С. Сейдекулова билдирүүсү. Ал Кыргыз тил предмети боюнча типтүү окуу программасынын кол жазмасы тууралуу төмөнкүдөй маалымат берди.

Окуу программа КР Билим берүү жана илим министрлиги 2016-жылы 21-апрелде коллегия чечими менен бекиткен Башталгыч класстардагы Кыргыз тил боюнча предметтик стандарттын негизинде иштелип чыкты.

Башталгыч класстардагы Кыргыз тил окуу предмети жуурулушкан предмет болуп, ал сабат ачуу жана кеп өстүрүү, кыргыз тил жана жана кеп өстүрүү, адабий окуу, класстан тышкаркы окуу жана кеп өстүрүү курстарынан туруп, кыргыз тил жана адабий окуу деп аталган эки бөлөк окуу китептер менен өз-өзүнчө сабак катарында бөлөк окутулчу.

Окуу программа КР Билим берүү жана илим министрлиги 2016-жылы 21-апрелде коллегия чечими менен бекиткен Башталгыч класстардагы Кыргыз тил боюнча предметтик стандарттын негизинде иштелип чыккандыгына байланыштуу предметтик стандартта берилген маселелер бул окуу программада чагылдырылган жок.

Башталгыч класстардагы Кыргыз тил окуу предмети боюнча окуу программаны түзүүдө “Наристе” (480 саат) мектепке даярдоо программасынын натыйжалары жана ортоңку мектеп менен болгон өз ара байланыш, мындагы материалдардын ырааттуулугу, башталгыч билим берүүнүн жалпы билим берүүдөгү ролу, башталгыч класстарда окутуу усулдары жана баалоо ыкмалары, ошондой эле башка окуу предметтер менен болгон байланыш эске алынды.

Бул жаңы окуу программанын негизги өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр болуп саналат жана предметти окутууда булар эске алынышы зарыл:

1. Мурдагы Кыргыз тил жана Адабий окуу деп аталган эки курс бириктирилип, бир окуу предмети катарында өткөрүлөт. Дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө (Европа, Азия, Америка, мурдагы советтик мамлекеттерден Прибалтика, Грузия, Тажикстан мамлекеттеринде) ушундайча окутулат жана бул тенденция уламдан улам жайылып барат. Мында эки курска биригип 1 эле окуу китеби чыгарылат. Эгерде ал окуу китептин көлөмү чоң болуп калса, ал 2 бөлүктөн туруп калышы мүмкүн, башкача айтканда окуучулар 1-жарым жылдыкта бир китеп, 2-жарым жылдыкта бир китеп менен иштешет.
2. Мурдагы базистик окуу пландарда Кыргыз тил окуу предметине 1-класста жумасына 6 саат, калган класстарда 7 сааттан берилгендиктен, 1-класста жалпысынан Сабат ачууга жана кеп өстүрүүгө жумасына 3 саат, жазууга 3 саат берилип, бул сааттардын ичинде жумасына 15-20 мүнөт китеп окуп берүү (китеп менен иштөө) каралган эле. Ал эми 2-класстан баштап, жумасына Кыргыз тилге 3 саат, Адабий окууга 3 саат, Класстан тышкаркы окууга 1 саат берилип келген. Жаңы кабыл алынган базистик окуу планына (КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2015-жылдын 8-октябрындагы №1246/1 буйругу менен бекиген, ал 2018-2019-окуу жылынан баштап иштей баштайт) ылайык, башталгыч класстардагы Кыргыз тил предметине 1-4-класстарда жумасына 6 сааттан берилет.

Жаңы окуу программада бириктирилген Кыргыз тил предметине 1-класста жумасына 6 саат берилип, 1-класста бул сааттардын эсебинен жумасына 15-20 мүнөт китеп окуп берүү (китеп менен иштөө) каралса, 2-класстан баштап Кыргыз тил предметине 5 сааттан, класстан тышкаркы окууга 1 саат берилет.

3. Бир сабактын ичинде текст менен иштөө да, грамматикалык материалдарды окуп-үйрөнүү да, кеп өстүрүү да, жазуу иштери да болушу мүмкүн. Ошол эле учурда айрым сабактар жалаң гана текст менен иштөөгө, же грамматикалык материалдарды өтүүгө, же болбосо жазуу ишине арналып калышы мүмкүн. Бул сабакка карата кандай максат коюлгандыгына жараша болот.

Көпчүлүк сабактарда алгач текст менен иштөө ишке ашышы керек, мында бир саатка ылайыкталган тексттерди тандоо маанилүү болуп саналат. Ошол эле учурда аларды окулуп-үйрөнүлө турган грамматикалык материалдар менен толуктоо, б.а. ыңгайлаштырып (адаптациялап) иштеп чыгуу зарыл. Анткени текст кызыктуу болгону менен, анда ошол күнү грамматикадан өтүлө турган материалдар аз болуп калышы ыктымал.

4. Кыргыз тил предмети 5 негизги компоненттен турат:
   1) тыбыштык кабыл алуу (угууга басым жасалат);
   2) тамгаларды билүү/алфавиттик принцип (окууга басым жасалат);
   3) сөз байлык;
   4) шар окуу (тиешелүү ылдамдык сакталышы зарыл);
   5) окуганын (укканын) түшүнүү жана грамматика.

А. Молдокулов атындагы УКГнын Э. Көкөеванын пикиринде: Башталгыч класстардын кыргыз тилинин программасы негизинен – окуу программасындагы уланмалуулукту эске алуу менен, мазмундук жактан туура, так бөлүнүп түзүлгөн. Ар бир класста өтүлүүчү темалардын эки предмет менен байланыштуулугу сакталып, туура бөлүнгөн. Аталган программа менен иштөөдө, окуучунун компетенттүүлүгүн калыптандыруу жана практика менен байланыштуулугун камсыздоо так аныкталган.

Кыргыз тил предметинин программасы так, жатык тилде түшүнүктүү берилген. Учурдун талабына жооп берет, окуучунун компетенттүүлүгүн калыптандырган программа катары Жалпы билим берүүчү уюмдарынын 1-4-класстарынын билимдерин жогорулатуу үчүн кызмат кылат.

**А.Мамытов:** Программа эски структура боюнча берилиптир. Тартипке келтиргиле. Мындай бекитүүгө мүмкүн эмес. Ким макул? Каршы? Калыс? Программанын структурасын иштеп чыгып тартипке келтирилсин деген чечимге Окумуштуулар кеңешинин отурумга катышкан 15 мүчөсү добуш беришти. Макул – 15, каршы – 0, калыс – 0.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы башталгыч мектептин 1-4-класстары үчүн Кыргыз тил боюнча жаңы предметтик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу программасынын кол жазмасы (түзүүчүлөр: топтун жетекчиси п.и.к. Токтомаметов А.Д., п.и.д. проф. Рысбаев С.К., Абдухамидова Б.А., Акунова А., Баимбетова Н.К., Кайкиева Г.) кайрадан иштеп чыгуу үчүн түзүүчүлөргө кайтарылсын.
2. Программанын структурасы, ар бир бөлүгү талапка ылайык түзүлсүн.

**2. Жаңы предметтик стандарттардын негизинде түзүлгөн окуу программаларын бекитүү жөнүндө.**

2.2. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн билим берүү уюмдарынын 10-11 класстары үчүн Кыргыз адабиятынын окуу программасы жөнүндө (түзүүчүлөр: С. Байгазиев, А.Муратов).

Технология, искусство жана дене маданияты маселелери лабораториясынынбашчысы п.и.к. Ибирайым кызы Айжан  Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн билим берүү уюмдарынын 10-11 класстары үчүн Кыргыз адабиятынын окуу программасы (түзүүчүлөр: С. Байгазиев, А.Муратов) тууралуу маалымат берди.

Программа кыргыз адабиятынын системалык курсу катары түзүлдү. Программанын түшүнүк катында 10-11-класстардагы кыргыз адабияты курсунун максаты, милдети, чыгармаларды тандап алуунун критерийлерин мугалимдерге программалык мазмунду детализациялоодогу методикалык кеңештер, адабий билим берүүгө бүгүнкү күндө коюлуучу талаптар компетенттүүлүк парадигмасына таянып берилди. Программанын мазмунундагы мурдагы инвариант негизинен сакталды. Ар бир класстын окуучуларынын адабий билим компетенттүүлүктөрүнө коюлуучу талаптар аныкталды. Программанын аягына окуучулардын адабий билимине карата критерийлер жана баа коюунун нормалары, көрсөтмө укма-көрмө куралдардын тизмеси, пайдаланылуучу адабияттар берилди. Программаны практикага киргизүүгө болот.

**А.Мамытов:** Мурдагы айтылган кемчиликтер жоюлдубу? Оңдодуңарбы? Программага болгон талаптар бардык жерде бирдей да. Түшүндүрмө катта окутуунун методдору жүрөт. Эмне үчүн? Мындай болбойт да. Түшүндүрмө катта предметтин максатын, милдетин, мектеп билиминдеги ордун, сетка часовду берет, болду. Мазмунга өтөбүз, анан окуу процессин уюштуруу боюнча методикалык көрсөтмөлөр: кантип өтөбүз, кайсы жерде өтөбүз, класстарды кандай комплектовать этебиз, кандай баалайбыз. Түшүндүрмө катка методдор кирип кеткен, анда эмне үчүн принциптер жок? Бул теория да.

**С.Байгазиев:**Түшүндүрмө катка кыскача методдор жөнүндө маалымат берилген.

**А.Мамытов:** Менин күрөшкөнүм: программалар баш аламан болуп кетти. Союз учурунда талап күчтүү болчу: түшүндүрмө каттаэмне болот, мазмунунда эмне болот, методический ревомендацияларда эмне болот. Бардыгы бекем коюлат эле. Азыр чоңойтуп, чоңойтуп эатып, программа 60-70 бет болуп кетти. Андай болбойт.

Мисалы, сабак өтүү шарттары көрсөтүлөт. Физкультураны мисал кылсам, күрөш кандай өткөрүлөт, кандай шартта өтөбүз. Анаркулов деген профессор айтат, ковердун кереги жок, саман төшөп өтө берсеңер болот. Макаласы бар, кантип саманды даярдоо керек. Ал да кеңеш да. Сууда сүзүүнү алсак, бассейн жок болсо, шарт түзүлгөн эмес, анда сууда сүзүүнү жүгүрүүгө алмаштыруу керек. Ошондуктан өзгөчөлүктөрдү 3-бөлүмгө алып барсаңар. Классикалык жол менен аткаралы. Структурасын оңдоп чыккыла. В рабочем порядке бүтүргүлө.

Ушундай оңдоолор менен ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул. Отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү чечимди колдоп добуш беришти. Каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңешичечим кылат:**

1. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн билим берүү уюмдарынын 10-11 класстары үчүн Кыргыз адабиятынын окуу программасынын кол жазмасы (түзүүчүлөр: С. Байгазиев, А.Муратов) жактырылсын жана билим берүү жана илим министрлигине жиберилсин.

**2. Жаңы предметтик стандарттардын негизинде түзүлгөн окуу программаларын бекитүү жөнүндө.**

2.3. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн билим берүү уюмдарынын 10-11-класстары үчүн Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятынын окуу программасы жөнүндө (түзүүчүлөр: С. Байгазиев, А.Муратов, С.Рысбаев, Абдухамидова Б., Акматов К., Алмурзаева С.).

Технология, искусство жана дене маданияты маселелери лабораториясынынбашчысы п.и.к. **Ибирайым кызы Айжан** окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн билим берүү уюмдарынын 10-11-класстары үчүн Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятынын  программасынын кол жазмасы (түзүүчүлөр: С. Байгазиев, А.Муратов, С.Рыспаев, Абдухамидова Б., Акматов К., Алмурзаева С.) тууралуу маалымат берди. Аталган программа окутуу орус, өзбек жана тажик тилинде жүргүзүлгөн билим берүү уюмдарынын 10-классына жумасына 1 саат, 11-класска жумасына 1 сааттык көлөм менен окутулаары айтылды. Ошондой эле окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн бардык мектептерде кыргыз жана дүйнөлүк адабияттан билим алуусунун шарттарын, алардын үзгүлтүксүз, бир калыпта жана өркүндөтүү менен билим алуу процессине кам көрүлөөрү тууралуу белгиленди. Программаны Окумуштуулар кеңешинин отурумунда талкуулоодо төмөндөгүдөй мүчүлүштүктөр белгиленген: 1) Программанын түшүндүрмө каты өтө көп; 2) Нормативдик таяныч материалдар жок; 3) Сааттардын сеткалык таблицасы жок; 4) Методикалык кеңеш жок; 5) Баалоо критерийлери жок; 6) Сунуш кылынган адабияттардын тизмеси жок.

Жогорудагы айтылган кемчиликтер түзүүчүлөр тарабынан эске алынып, кайрадан оңдолуп-түзөлүп иштелип чыкты. Рецензенттер оң бүтүм беришти.

Программанын түзүлүшү, мазмуну программаларды жазууга коюлган талаптар боюнча иштелип чыкты. Программа лабораториянынотурумунда талкууланып, жактырылды.

**А.Мамытов:** Логикасы сакталдыбы? Түшүнүк кат, предметтин базисттик окуу планында орду, предметтин милдеттери, компетенттүүлүктөр, өзгөчөлүктөр, формалары, мазмундук багыттар. Предметтин мазмунуна сетка часов кирип кеткен. Окуу процессин баалоо, материалдык жактан камсыздоо. Сунуш: в рабочем порядке тартипке келтиргиле. Ондоо менен бекитип берели. Ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул. Отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү чечимди колдоп добуш беришти. Каршы, калыс болгон жок.

Жогорудагы белгиленген маалыматтардын негизинде **Окумуштуулар кеңешичечим кылат:**

1. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн билим берүү уюмдарынын 10-11-класстары үчүн Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятынын  программасынын (түзүүчүлөр: С. Байгазиев, А.Муратов, С.Рыспаев, Абдухамидова Б., Акматов К., Алмурзаева С.) кол жазмасы жактырылсын жана билим берүү жана илим министрлигине жиберилсин.

**3. Аспиранттардын жана изденүүчүлөрдүн отчеттору жөнүндө.**

**3.1. КББАнын Мамлекеттик тил жана көп тилдүү билим берүү лабораториясынын изденүүчүсү Нурила Алидиновна Усубалиеванын 3 жыл аралыгындагы отчету жөнүндө.**

**Угулду:** Мамлекеттик тил жана көп тилдүү билим берүү лабораториясынынбашчысы п.и.д., профессор, С.Рысбаев төмөнкүлөрдү билдирди: Н.Усубалиева КББАнын 2015-жылдын 30.01. №8/1 буйругу менен Н.А.Усубалиева 2015-жылдын 30-январынан 2017-жылдын 30-январына чейин 2 жылдык мөөнөт менен Мамлекеттик тил жана көп тилдүү билим берүү лабораториясына изденүүчү болуп бекитилген. Окумуштуулар кеңешинде бекитилген темасы "Кыргыз тилин окутууда жазуу кебинин компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери (6-7-класстар)" - 13.00.02. – Окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы адистиги (кыргыз тили).

**Изилдөөнүн темасы:** Кыргыз тилин окутууда жазуу кебинин компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери (6-7-кл) 13.00.02 -окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы. (кыргыз тили)

Илимий жетекчиси менен биргеликте аталган темадагы диссертациялык изилдөөнүн план-проспектиси жазылып, анда төмөнкүлөр аныкталды: изилдөөнүн максаты; изилдөөнүн милдеттери; изилдөөнүн жаңылыгы; изилдөөнүн теориялык жана практикалык баалуулугу. Ошондой эле, диссертациянын ар бир главасынан баштап, ар бир параграфтарынын аталыштарына чейинки иштин мазмуну түзүлүп чыкты.

– Изилдөөнун этаптары;

– Изилдөөнун теориялык жаңылыгы жана маанилүүлүгү;

– Изилдөөнун практикалык баалуулугу;

– Диссертациянын коргоого чыгарылуучу негизги жоболору;

– Диссертациянын түзүлүшү – тууралуу кыскача маалымат берди.

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун жаңы технологиялары кафедрасынын "Кыргыз тили жана адабияты" аттуу илимий журналына "Окуучулардын компетенттүүлүгүн калыптандырууда интерактивдүү методдордун ролу (6-класста кыргыз тилин окутуунун мисалында)" аттуу илимий макала жарык көрдү;

Ж.Баласагын атындагы Улуттук университетинин кыргыз филологиясы факультети тарабынан уюштурулган А.Осмоновдун 100 жылдык мааракесине арналган "Алдыбызда өмүр турат түгөнгүс, артыбызда өлбөй турган эл калсын" аттуу эл аралык илимий конференцияда "7-класста жазуу жумуштарын жүргүзүүдө баш мүчөлөрдүн ортосунда сызыкчанын коюлушу (кыргыз тилин окутууда А.Осмоновдун чыгармаларын үйрөтүү университеттин Жарчысына жарык көрдү.

Диссертациялык темага байланыштуу илимий адабияттарды талдоого алуу менен бирге учурда илимий иштин биринчи, экинчи,үчүнчү главасындагы параграфтардын үстүндө иш жүргүзүлдү.

План проспектиде белгиленген главалар боюнча илимий иштин жумушчу варианты боюнча бир сабактын иштелмеси)" аттуу темадагы доклад окулуп, илимий макала иштелип жатат;

Кандидаттык сынактары тапшырылды:

1. Илимдердин философиясы жана тарыхы 4 (жакшы);
2. Чет тили (англис тили) 4 (жакшы);
3. Мамлекеттик тил 4 (жакшы); деген бааларга тапшырылганын билдирди.

Жыйынтыгында лабораториянын илимий кызматкерлери изденүүчү Н.А.Усубалиеванын илимий-изилдөө темасы жана план-проспектиси боюнча суроо-жооп иретинде талкуулашып, сунуштарын айтышты. Анда, изденүүчү Н.Усубалиева изилдөөсүн жекече планы боюнча жүргүзгөн, бирок эксперименттери жыйынтыктала элек. Теориялык жана методикалык жактан изилдөө иши дагы да толуктоого муктаж. Ошондуктан, изденүүчүнүн өз убадасы боюнча, изилдөө ишин толуктап лабораторияга коюу үчүн 3 айлык мөөнөт берүү туура болору белгиленди.

**А.Мамытов:**Мөөнөтү бүттү, кандидаттык экзамендери бүттү, публикациялары бар экен. Маалыматы кабыл алынды деп койсок болот.

**А.Токтомаметов:** Аспирантуранын мөөнөтү бүттү деген маалымат берсек туура болот. Илимий эмгегин андан ары жылдыруунун өзүнүн тартиби бар да.

**А.Мамытов:** Процедура боюнча диссертация к защите готова деген представление берилет. Ошол деңгээлге жетпептир. Биз берилген маалыматты кабыл алып коебуз. Калганын өзү билсин. Изденүүчү Н.Усубалиеванын маалыматы кабыл алынды деген чечимге ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул. Отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү чечимди колдоп добуш беришти. Каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Мамлекеттик тил жана көп тилдүү билим берүү лабораториясынын изденүүчүсү Н.Усубалиеванын аспиранттык мөөнөтү бүткөндүгүнө байланыштуу отчеттук ишинин мезгили аяктады деп эсептелинсин.
2. Изденүүчү Н.Усубалиеванын 3 жыл аралыгындагы отчету кабыл алынсын.Н. Усубалиевага жекече планына карата изилдөөсү жыйынтыктала эле экендигине байланыштуу 3 айлык мөөнөттө толукталсын деп милдеттендирилсин.

**3. Аспиранттардын жанаизденүүчүлөрдүн отчеттору жөнүндө.**

**3.2. КББАнын аспирантурасынын аспиранты Асылгүл Бекмырзаевна Батыркулованын 3 жыл аралыгындагы (2015-2016-2017жж.) отчету жөнүндө.**

**Угулду:** Мамлекеттик тил жана көп тилдүү билим берүү лабораториясынынбашчысы п.и.д., профессор, С.Рысбаев төмөнкүлөрдү билдирди: аспирант А.Батыркулова аспирантурага 1-курска 2015-жылы аспирантурага 13.00.02. – Окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы адистигине кабыл алынган (КББАнын 2015-ж. 08.01. №1 буйругу).

**Угулду:** КББАнын аспирантурасынын аспиранты А.Батыркулованын отчету.

**Изилдөөнүн темасы: «Адабият предмети аркылуу окуучулардын чыгармачылык ишмердигин өркүндөтүүнүн илимий-методикалык негиздери»** (IX-XI класстарда А.Осмоновдун өмүрү, чыгармачылыгын окутуунун негизинде).

**Изилдөөнүн максаты:** Орто мектепте окуучулардын чыгармачылык ишмердиктерин Алыкул Осмоновдун өмүрү, чыгармаларын окутуунун негизинде өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын, дидактикалык каражаттарын кыргыз адабиятын окутуунун мисалында илимий-методикалык жактан негиздөө жана практикага киргизүү.

**Изилдөө иши үч этапта жүргүзүлдү.**

**Биринчи баскыч (2015 – 2016 -ж.ж.)** – даярдоо мезгили болуп анда орто мектептеги мугалимдердин иш тажрыйбаларын изилдөө; кыргыз орто мектептеринде окутуунун методологиялык негиздерин изилдөө: философия, эстетика, тарых, адабият таануу, педагогика, психология, адабиятты окутуу методикасы боюнча эмгектерди үйрөнүү жана акындын чыгармачылыкты өнүктүрүүдө интерактивдүү окутуунун теориядагы жана практикадагы абалын талдоого аракет кылды.

**Экинчи баскыч (2016 – 2017-ж.ж.)** – Орто мектепте адабият сабагында окуучулардын чыгармачылык ишмердигин өркүндөтүү боюнча окуу материалдарын үйрөндүм, республикабыздагы жана жакынкы кошуна өлкөлөрдөгү УАКтын каттоосунан өткөн журналдарга макалаларды бердим, 3 макалам жарык көрдү, калгандары чыгуу алдында турат, илимдердин философиясы жана тарыхы, чет тили боюнча кандидаттык минимумдарды тапшырды.

**Үчүнчү баскыч (2017 - 2018-ж.ж.)** – Орто мектепте адабият сабагында окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өркүндөтүү боюнча эксперимент жүргүзүлүп жатат. Бул учурда аталбаган багыттарда бир топ иштер аткарылды. Изилдөөнүн жыйынтыктары диссертация түрүндө жазылып, илимий макалалар катары даярдалат.

Теманын негизинде 2 макала жарык көргөн.

Даярдалган макалалардын саны – 4, тесттик тапшырмалар – 1, сабактын иштелмелери -1.

Жыйынтыгында лабораториянын илимий кызматкерлери А. Батыркулованын илимий изилдөө темасын жана план-проспектиси боюнча суроо-жооп иретинде талкууланып, сунуштар айтылды.

**А.Мамытов:** Изилдөөнүн мидеттери кандай?

**А.Батыркулова:**1. Адабият сабагында окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн абалын, проблемаларын, өзгөчөлүктөрүн аныктоо.2. Адабият сабагында окуучулардынчыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн моделин жана дидактикалык талаптарын, анын деңгээлин аныктоо. 3. Кыргыз адабиятын окутуу процессинде жана класстан тышкаркы иштерде окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүү маселелерине арналган изилдөөлөрдү иликтеп талдоо. 4. 9-11-класстарда А.Осмоновдун өмүр жолун жана чыгармаларын үйрөнүү процессинде окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн оозеки, жазуу жумуштарында класста жана класстан тышкарkы учурда өстүрүүнүн методикалыкжол жоболорун иштеп чыгуу. 5. Иштелип чыккан теориялык, практикалык корутундуларды педагогикалык тажрыйбада сынактан өткөрүү, алардын жыйынтыктарын талдоо.

**А.Токтомаметов:**Коюлган милдеттерди тартипке келтирүү керек.

**А.Мамытов:** Изилдөөгө 5 милдет коюптур, кандидаттык диссертация үчүн 5 милдет көп. 3 милдет эле коюлса болот. Андан сырткары: А.Осмоновдун чыгармачылыгы эмес, А.Осмоновдун чыгармачылыгынын негизинде окуучулардын чыгармачылыгын өркүндөтүү болуп жатпайбы. Бул жагын сөзсүз такташ керек. Бул олуттуу кемчилик, тереңирээк кароо керек. Эксперимент иштери аткарылган эмес.

*Негизинен, изилдөө иши жекече план менен жүргөн, ошентсе да, теориялык-методикалык планда ишин дагы да толуктоо талап кылынат. Изденүүчү А.Батыркулова ал үчүн 3 айлык мөөнөт сурады. Үч айлык мөөнөттө ишин толуктап, эксперименттерин жыйынтыктоого убада берди.*

**А.Мамытов:**Берилген маалыматты кабыл алып коелу. 3 ай мөөнөт берели, изилдөөнү толуктасын. Ушундай чечимге ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул. Отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү чечимди колдоп добуш беришти. Каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

**1.** Мамлекеттик тил жана көп тилдүү билим берүү лабораториясынын аспиранты А. Батыркулованын аспиранттык мөөнөтү бүткөндүгүнө байланыштуу отчеттук ишинин мезгили аяктады деп эсептелинсин.

**2.** А. Батыркулованын 3 жыл аралыгындагы отчету кабыл алынсын.А. Батыркуловага жекече планына карата изилдөөнүсү жыйынтыктала элек экендигине байланыштуу 3 айлык мөөнөттө толукталсын деп милдеттендирилсин.

**4. XXVI Республикалык педагогикалык окуулардын уюштурулушу жана өткөрүлүшү тууралуу.**

**Угулду:** КББАнын Уюштуруу-методикалык бөлүмүнүн адиси Б.Бейшенбаеванын 2017-жылдын 2-3-ноябрында болуп өткөн XXVIРеспубликалык педагогикалык окуулардын жыйынтыктары жөнүндө маалыматы.

2017-жылды Ыйман, адеп жана маданият жылы деп жарыялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2017-жылдын 5-январындагы №1 Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 20-февралындагы №204/1 Иш-чаралар планын ишке ашыруу жана чыгармачыл мугалимдердин иш-тажрыйбасын жайылтуу үчүн «Класстык сааттардын жана гуманитардык предметтердин алкагында өсүп келе жаткан муунду ыймандуулук маданиятына тарбиялоо көйгөйлөрү» аттуу темада XXVI Республикалык педагогикалык окууларды өткөрүү жөнүндө 2017-жылдын 27-апрелиндеги №517/1 буйругун ишке

ашыруу максатында XXVI Республикалык педагогикалык окуулар 2017-жылдын 2-3-ноябрында Бишкек шаарындагы №5 А.Молдокулов атындагы Улуттук компьютердик гимназияда болуп өттү.

Педагогикалык окуулар үчүн маалымат каттар (анда баяндамалардын болжолдуу тематикалары бар) республиканын аймактарындагы шаардык, райондук билим берүү уюмдарына, жогорку окуу жайларына жөнөтүлдү жана "Кутбилим" газетасынын 2017-жылдын 9-июндагы №21 санына да жарыяланды. Июнь айынан баштап, баяндамалар келе баштады. Баары 120 баяндама чогулду. Чогулган баяндамаларды эксперттик комиссия карап чыкты, натыйжада 27 баяндама өткөн жок. Өткөн 93 баяндама программага киргизилди, программа электрондук жана кагаз түрүндө даярдалып, министрликке жеткирилип берилди.

Педагогикалык окуулар 2 күн (2-3-ноябрь) өттү. Аны чагылдырууга ММКнын өкүлдөрү да чакырылды. Пленардык отурумда 4 доклад окулду, 5 секция иш алып барды. Секциялык иштерде өзүн активдүү көрсөткөн катышуучулар Билим берүү министрлигинин, КББАнын, КРнын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын, Эне тил коомунун дипломдору, грамоталары, төш белгилери менен сыйланышты. Конференциянын аягында катышуучулар тарабынан **Резолюция** кабыл алынды. Катышуучулар педагогикалык окуулардын жалпысынан ийгиликтүү өткөндүгүн белгилешти. Ошондой эле Республикалык педагогикалык окуулардын өтүшү тууралуу жалпы маалымат Кыргыз билим берүү академиясынын сайтына да жарыяланды.

**А.Мамытов**: КТРдан келдиби?

**С.Рысбаев:** Бөлүмдөрүнөн келди. Радиодон, гезиттерден келишти.

**А.Мамытов:** Резолюция эмне болду?

**А.Токтомаметов:** Жазылды, сизге көрсөтүп, анан Кутбилимге белебиз.

**А.Мамытов:** РИПКдан катыштыбы?

**Б.Субанова:**Л.В.Усенко эле катышты.

**А.Мамытов:** Муну дагы жазып коюш керек. Берилген маалымат кабыл алынды деген сунушка ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул. Отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү чечимди колдоп добуш беришти. Каршы – 0, калыс – 0.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. XXVI Республикалык педагогикалык окуулардын уюштурулушу жана өткөрүлүшү тууралуу маалымат кабыл алынсын.
2. Педагогикалык окууларда окулган баяндамалардын жыйнагынын басып чыгаруу жагы КРнын Билим жана илим министрлигине сунушталсын.

**5. Кыргыз Республикасынын жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарга негизделген тарбия стратегиясы жөнүндө (түзгөн С.Байгазиев).**

**Угулду:** Педагогикалык илим жана кесиптик билим берүү борборунун директору п.и.д., проф. К.Добаевдин билдирүүсү.

Кыргыз Республикасынын жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарга негизделген тарбия стратегиясынын автору п.и.д., профессор С.Байгазиев.

Кыргыз Республикасынын жалпы адамзатттык жана улуттук баалуулуктарга негизделген тарбия стратегиясы атуулдук демилге менен түзүлгөн, өз убагында жаралган, актуалдуу жана концептуалдуу мааниси бар документ деп эсептейбиз. С.Байгазиев бул Стратегиянын үстүндө көп жыл иштеди.

Аталган документ мындан мурда да бир нече ирет «Кутбилим» газетасына жарыяланып, коомчулуктун талкуусуна коюлуп, көптөгөн оң бааларды алган. 2017-жылы иштелген окуу варианты өкмөттүк деңгээлде кабыл алынууга эсептелип, өлкөнүн кеңири стратегиясы катары иштелип чыккан. Бул Стратегияда тарбиянын башкы максаттары, милдеттери, мазмундук-ресурстук багыттары аныкталган. Белгилеген максатты жана

мазмундук-ресурстук багыттарды жүзөгө ашыруунун технологиясы, механизмдери, практикалык иш-чаралары көрсөтүлгөн.

Стратегия бүгүнкү глобалдашуунун, массалык маданияттын таасирин, экстремизмдин кырдаалында жаш муундарды улуттук-этникалык баалуулуктардын, элдик рухий маданиятынын негизинде тарбиялоого туура шарт түзөт. Стратегияда жалпы адамзаттык баалуулуктар, интернационалдык аспектилер камтылып, туура методологиялык позиция жетекчиликке алынган.

С.Байгазиевдин Кыргыз Республикасынын жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарга негизделген тарбия стратегиясына п.и.к. Жумабаева Г.А. тарабынан оң пикир жазылган. Стратегия борбордо талкууланып, жактырылган жана Окумуштуулар кеңешинде бекитүүгө сунушталат.

Азыркы учурда, глобалдаштыруу шартында тарбия иштерине бул стратегия чоң жардам берет.

**А.Мамытов**: “Манасты” окутуу боюнча кандай ойлойсуз?

**К.Добаев:** “Манасты” школьный компоненттин негизинде окутса болот. Атайын “Манасты” окутууга саат жетпейт.

А.Мамытов: Ким окутат?

**К.Добаев:** Азырынча

**З.Мурзалиева:** Арабаева атындагы университетте даярдап жатат мугалимдерди.

**А.Мамытов:** Ал жерде Манастаануу сабагынын мугалимдерин даярдайт. Академиянын жалпы көз карашы: “Манас” – адабияттын бир жанры болуп эсептелет, адабият мугалими “Манасты” окутат, бөлүнгөн 62 саат жетишерлик деп эсептейбиз. “Манас” өзүнчө предмет катары окутулбайт. Анда добушка коем. Даярдалган Кыргыз Республикасынын жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарга негизделген тарбия стратегиясы жактырылсын деген чечимге ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул? Чечим кабыл алынды.

Отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү чечимди колдоп добуш беришти. Каршы – 0, калыс – 0.

Жогоруда айтылгандардын жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарга негизделген тарбия стратегиясы (автор С.О.Байгазиев) жактырылсын жана жайылтуу жагы КРнын Билим берүү жана илим министрлигине сунушталсын.

**6. Кол жазмаларды бекитүү.**

6.1. «Өз билимин өркүндөтүү дептери» аттуу мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун кол жазмаксы жөнүндө (түзг. Матисаев К.К., Асанбаев А.Ж.).

**Угулду:** Педагогика илиминин жана профессионалдык билим берүү борборунун директору К. Добаев «Өз билимин өркүндөтүү дептери» аттуу мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун кол жазмасын (түзг. Матисаев К.К., Асанбаев А.Ж.) сунуштады.

**А.Мамытов:** Бул кол жазма жөн эле мугалимдин күндөлүгү экен. Кол жазманы лабораториядан эле карап, чечим чыгарып койгула.

*Кол жазма лабораторияга кайтарылды.*

*Ушуну менен Окумуштуулар кеңешинин отуруму аяктады.*

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы,**
**п.и.д., профессор** **А.Мамытов**

**Окумуштуу катчы** **А.Ниязова**